**Тест**

**1. Компетенттүүлүк деген- бул:**
**а**) инсандын билимин, көндүмдөрдүн жана ишмердүүлүк ыкмаларынын ар кандай элементтерин белгилүү бир кырдаалда – тарбиялык, жеке, кесиптик – өз алдынча колдонуудагы комплекстүү жөндөмдүүлүгү;
б) инсандын тарбиялык, жеке, кесиптик – өз алдынча колдонуудагы комплекстүү жөндөмдүүлүгү, ошондой эле көндүмдөрдүн жана ишмердүүлүк ыкмаларынын ар кандай элементтерин белгилүү бир элементи;
в) инсандын күнүмдүк турмушундагы, көндүмдөрдүн жана ишмердүүлүк ыкмаларынын ар кандай элементтерин белгилүү бир кырдаалда – тарбиялык, жеке, кесиптик – өз алдынча колдонуудагы комплекстүү жөндөмдүүлүгү;
г) бардык жооптор тура

**2. Адистин кесиптик милдеттердин белгилүү бир маселени чечүүдөгү жеке жөндөмдүүлүгү бул:**
**а**) компетенция;
б) жөндөмгө ээ болуу;
в) функционалдык милдети;
г) билүүсү

**3. Патриоттуулук деген–**
а) Ата-Мекенге болгон сүйүү;
б) өз Ата Мекенине берилгендик сезими;
в) өз мамлекетине жарандык милдетти аткарууга даяр болуу;
**г**) бардык жооптор тура

**4. Жарандык иденттүүлүктү калыптандыруунун негизги компетенцияларына кайсылар кирет:**
а) инсандык-жарандык компетенттүүлүк;
б) руханий-адептик компетенттүүлүк;
в) моралдык-этикалыккомпетенттүүлүк;
**г**) бардык жооптор тура

**5. Инсандык-жарандык компетенттүүлүктү коомго кантип калыптандыруу керек?**
а) лекциялар, баарлашуулар, аңгемелер, тапшырмалар, видеолорду көрүү, компьютердик технологияларды колдонуу аркылуу;
б) инсандык-жарандык жөнүндөгү аңгемелешүү аркылуу;
в) талкуулоо ыкмаларын колдонуу, акылга чабуул, театрлаштыруу, жалпы улуттук иш-чараларды, саясий бизнес оюндарын өткөрүү аркылуу;
**г**) бардык жооптор тура

**6. Инсандын адеп-ахлак баалуулуктарынын калыптануу факторлору:**
а)өз эне тилин билүүдөн;
б)маданиятты, тарыхты билүүдөн;
в) искусство жана адабият чыгармаларын, ата мекендик жана дүйнөлүк маданияттын мыкты үлгүлөрүн билүү;
**г)** бардык жооптор тура;

**7. Нарк-насил, адеп-ахлактын негизги принциптеринин бири:**
**а)**материалдык кызыкчылыктан руханий жана адеп-ахлактык баалуулуктардын артыкчылыгы;
б) өз жеке керт башын биринчиликке коюу;
в) эгоцентризм баалуулуктарын биринчиликке коюу;
г) мамлекетке ишенбөөчүлүк.